***Насаатчылык жөнүндө жобо***

***1.1. Насаатчылык*** *– бул насаатчынын төмөнкү адистерге кесиптик өсүш жагынан ар тараптуу жардам колдоо көрсөтүү ишмердиги.*

- *Педагогикалык билими болсо да, билим берүү мекемелеринде педагог катары иштеген эмгек тажрыйбасы топтоло элек жаш адистерге;*
- *Мугалимдик кызматка которулган адистерге аткарган кызмат милдеттерине байланыштуу окутуу усулдары боюнча кесиптик иш билгиликтерин тереңдетүү талап кылынса;*
- *Билим берүү мекемелеринде педагогикалык эмгек тажрыйбасы жок, педагогикалык эмес окуу жайларды бүтүргөндөргө;*
- *Педагогикалык адистиктер \боюнча сырттан/дистанциялык жол менен окуп жаткан студенттерге;*

***Насаатчы –*** *бул сабак жана окутуу усулу жаатында мыкты кесиптик жана инсандык сапаттарга эээ болгон педагог.*

***1.2. Насаатчылык –*** *жаш адистин педагогикалык ишмердиги үчүн зарыл иш билгиликтерин өнүктүрүү боюнча насаатчынын тутумдуу, жекече иш жүргүзүшү.*

***1.3.Насатчылыктын укуктук негизи*** *болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ушул жобосу, башка мыйзам жана ченем актылары саналат.*

## ***Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери.***

***2.1. Насаатчылыктын максаты*** *– жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар маселесин чечүүгө өбөлгө түзүү.*

***2.2. Насаатчылыктын негизги милдеттери:***

- *Мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана адеп чеемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү;*
- *Жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепте алып калуу;*
- *Жаш адистин кесиптик өнсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттери өз алдынча сапаттуу аткаруу жөндөмүн өнүктүрүү;*

## Насаатчы мугалимдер жөнүндө маалымат

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Туулган жылы | Кызматы | Эмгек стажы | Бүткөн окуу жайы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мусаева Калыйман Султановна | 06.07.1966 | Башталгыч класс | 36 | КЖПИ |
| 2 | Бейшекеева Перизат Тариеловна | 15.02.1976 | Кыргыз тили жана адабияты | 15 | И.Арабаев атындагы КМПУ |
| 3 | Бакашева Чолпон Алмазовна | 20.03.1985 | Англис тили мугалими | 16 | К.Тыныстанов атындагы ЫМУ |